Бегалиев С., Керимбеков А.

*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

# «СЕМЕТЕЙ» ЭПОСУНУ АЙРЫМ БИР МҮНӨЗДҮҮ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

«Семетей» эпосу «Манас» эпосунун органикалык ажырагыс бир бөлүгү. «Семетей» эпосун «Манас» эпосунан бөлүп кароо такыр туура эмес. Анткени «Семетей» эпосунун башкы темасы «Манас» эпосундай эле сырттан басып кирген душмандардан элди-жерди коргоо, башкы проблемасы жалпы элдик биримдик, ынтымак. «Манас» эпосундай эле «Семетей» эпосунун сюжеттик курулушу окуялардын системасынан турат. Бекеринен «Манас» эпосунун үч бөлүгүнүн тең идеялык-мазмунун башкы кармандын эпикалык биографиясы аныктабайт. Чыгарманын башкы карманы-нын айланасына бардык сюжеттик окуялар топтолуп, Манас, Семетей жана Сейтек баатырлардын образдарын терең, бардык жагынан кеңири ачып берүүгө кызмат этет. Чыгарманын мазмунун байытып, көркөмдүгүн арттырат. Ырас, эпостун үч бөлүгү тең ар кандай темадагы окуялардан турары жалпыга белгилүү. Бирок ал окуялар бир башкы темага, проблемага баш ийип тургандыгы да айдан ачык реалдуу көрүнүш. «Манас» эпосунун ар бир бөлүгү элдин турмушун, басып өткөн узак тарыхый жолун реалдуу баяндаган көркөм энциклопедия. Эпостун үч бөлүгү тең кайталангыс, уникалдуу көркөм дүйнө-баатырдык эпостун классикалык үлгүсүн түзөт. Бул жөн гана куру мактоо, негизсиз айтылган сөз эмес. Элдин урмат-сыйына ээ болгон, эл менен бирге узак, татаал тарыхый жолду басып өткөн улуу көркөм эстелик гана ушундай бийик баага ээ болору түшүнүктүү.

«Семетей» эпосу «Манас» эпосунун ажырагыс бир бөлүгү болуу менен бирге эле өзүнө мүнөздүү олуттуу өзгөчөлүктөргө ээ. Эгер «Манас» эпосу шарттуу түрдө өзүнчө бир идеалдуу доорду сүрөттөсө, «Семетей» эпосу башка бир өзгөчө доорду сүрөттөгөнүнө күбө болобуз. «Манас» бөлүгүнө мүнөздүү болгон жалпы элдик биримдик, ынтымак «Семетей» эпосунда көп жагынан басаңдаган, начарлаган, сырткы душмандарга караганда ички душмандар күч алганын көрөбүз.

Бекем салтка айланган баатырдык арым, апыртуу, фантастика, романтика «Семетей» эпосуна да өзгөчө мүнөздүү. Бирок «Манас» эпосундай күчтүү эпикалык салт, өзгөчө чексиз элдик кайрат, терең ишеним, таң каларлык баатырдык, элдик «Семетей» эпосунда бир кыйла реалдуу мүнөзгө ээ болуп, кадимки турмушка жакын сүрөттөлөт. «Семетей» эпосунун мындай өзгөчөлүгү анын көркөм дүйнөсүнөн да ачык байкалат. «Семетей» эпосунун маз-мунунда элдик оозеки чыгармачы-лыктын бардык жанрлары арбын учурары талашсыз чындык. Бирок бул жагынан да айрым өзгөчөлүк-төргө ээ. «Семетей» эпосунун мүнөз-дүү, олуттуу өзгөчөлүктөрү өзүнчө кеңири, атайын илимий иликтөөнүн обьектиси боло турган маанилүү маселе экендигинде талаш жок. Биз «Семетей» эпосунун айрым бир гана өзгөчөлүктөрүнө учкай токтолуп кетмекчибиз. Чыгарманын жаралган доору, анда сүрөттөлгөн окуялар-дын мүнөзү эпостун өзгөчөлүк-төрүнүн себептерин түшүндүрүүгө шарт түзөт.

«Семетей» эпосу «Манас» эпосун-дай эле көп варианттуу, оригинал-дуу, уникалдуу көркөм эстелик.

«Семетей» эпосун жаратып, өнүк-түрүп келишкен чоң таланттар. Семетейчилер манасчылардай эле арбын болгон. Бирок, тилекке каршы, алардын көпчүлүгүнүн ысымдары гана элдин эсинде сакталып, алардын айткандары кагаз бетине түшүрүлгөн эмес. Эл арасында «Семетей» эпосун айткан-дарды семетейчи деп аташкан. Таланттуу манасчылардын дээрлик бардыгы «Семетей» эпосун да өтө жогорку деңгээлде, бөтөнчө чебер айтышкан. Ырас, айрымдары «Се-метей» эпосун айтууну кесип кылып, бүт өмүрүн арнаган таланттар да болгон экен. «Ак калпактуу кыргыз да Дыйканбайдан мыкты айткан семетейчи болгон эмес» деген элге кеңири тараган калың калктын эсинде сакталып калган кеп бар. Бул адилеттүү чоң бааны улуу манасчы Тыныбекке да ыйгарып жүрүшөт.

Көлдүк таланттуу төкмө акын Солтобай Дыйканбайды бөтөнчө жо-гору баалапминтип ырга кошкон экен.

«Жай айтасың «Семетей»,

Кыш айтасың «Семетей».

Башыңдагы кийгениң,

Жаман көрпө тебетей».

Жайдыр, кыштыр «Семетей» айтса, Дыйканбай чоң таланттуу семетейчи болгондугуна шек жок. «Семетей» «Манас» эпосундай эле атадан балага, улуудан кичүүгө муундан муунга өтүп, улам жаңы окуялар менен мазмуну байып, көркөмдүгү артып отурган. Ошол эле Дыйканбайдын атасы Орус уулу Тойчубек (1853-1890), иниси Алма-бек «Семетей» эпосун мыкты атка-рышкан таланттар болушкан. Алма-бектин уулу Касымбайда «Семетей» эпосун чебер аткарган.

Небереси Кубан аталарынын көр-көм мурасын бүгүнкү күндө улантып айтып жүргөн шыктуу айтуучунун бири. Алмабек Тойчу-бековдун «Семетей» эпосу дээрлик толук

жазылып алынган. Улуттук илимдер академиясынын колжазма-лар фондусунда сакталып турат.

Алмабек Тойчубековдун варианты окуяларга бай, көркөмдүгү бир кыйла бийик оригиналдуу вариант. «Семетей» эпосунун айрым үзүндү-лөрүн билишкен айтуучулардын варианты өзүнчө китеп болуп чыгууда. Ал эми таланттуу семетейчи Алмабек Тойчубековдун толук, илим үчүн кызыктуу баалуу варианты жарык көрмөк турсун, айтуучунун ысымы унутулуп бара жатат.

Улуу манасчы С.Орозбаков «Ма-нас» эпосуна караганда «Семетей» эпосун бөтөнчө баалап, таланттуу аткарган тура. Тилекке каршы, Сагымбайдын «Семетейи» кагаз бетине түшпөй калганы өтө өкүнүчтүү.

«Жээрде аттан башка малым жок,

«Манастан башка жаным жок», - деп ырдаган чоң манасчы Назар Болот уулу да «Семетей», «Сейтек» эпосторун бийик көркөм чеберчи-ликте аткарган белгилүү манасчы болуптур.

20-кылымдын Гомери аталган улуу манасчы С.Каралаевдин айтуу-сунда жазылып алынган, өзүнчө китеп болуп басмадан жарык көрүп жүргөн «Семетей» эпосунун вариан-ты окуяларга бөтөнчө бай, көркөм-дүгү бийик экендиги жалпыга белгилүү.

«Семетей» «Манас» эпосунун ажырагыс бир бөлүгү болуу менен бирге өзүнчө жеке кеңири сюжетке ээ болгон, «Манас» эпосундай эле элдин терең урмат-сыйына татыктуу өзгөчө баатырдык эпос. Манасчы-лардай эле «Семетей» эпосун эл арасына жайылтып, аныайтууну атайын кесип кылышкан семетей-чилер манасчыларга караганда ар-бын болушунун да өзгөчө сыры бар.

«Семетей» «Манас» эпосуна кара-ганда башка доордо жаралып, калыптанып, өнүгүп өскөн көркөм эстелик. Чыгармада романтикалык сюжет, фантастика, апыртып сүрөт-төө реалдуу турмушка жакын болуп, угуучулардын, элдин аң-сезимине бөтөнчө таасир этет.

«Манас» эпосу өзүнчө бир идеалдуу, баатырдык дүйнө бийик эпикалык жагдайда өкүм сүргөн, эл-жер, мекен деген түшүнүк жалпы элдин аң-сезиминин терең чордонун-да болуп, биримдик, ынтымак элдин бийик көтөргөн символу, туусу жашоо тиричилигинин башкы, чечүүчү кереметы, касиети болуп турган мезгилди сүрөттөйт.

«Семетей» эпосунда уруулук-феодалдык доордун олуттуу, мүнөздүү өзгөчөлүктөрү кеңири көркөм баяндалат.

Манас баатырдын төрөлүшүн жалпы эл чыдамсыздык менен күтсө, Семетей жарык дүйнөгө келе элек жатып оор тагдырга туш болот. Манас өлөрүндө айткан керээзинде уулунун тагдырынын татаал, кыйын болоорун сезип аялы Каныкейге мындай дейт:

«Эри өлгөндө катынга,

Төркүн жакын болуучу.

Кылып бергиң ырымын,

Кыркып бергиң чыбыгын.

Иниң Ысмайылга,

Бала кылып бер.

Жашы он экиге келгенде,

Мени тарткан эр болсо,

Аябаган шер болсо,

Атаң Манас деп айткың,

Жериң Талас деп айткың,

Баатыр болбосо, айтпа» -

деп баласынан кечип койгону эмине деген шумдук.

Семетей «жетим», «качкын» деген ат менен эс тартып, ат жалын тартып минип эл-жерин, атасы Манас баатырды, энеси Каныкейди билбей эр жетет эмеспи.

«Семетей» эпосунун сюжети ыргактуу окуялардын системасынан гана турбастан, курч драмалык мүнөзү менен, угуучуларды өзүнө тарткан, кызыктуу окуялары менен эл арасына бөтөнчө кеңири тараган.

«Семетей» эпосунун варианттары-нын саны, чыгарманы аткарышкан семетейчилердин арбын болушу, ошону менен бирге «Манас» бөлүгүнө салыштырганда көлөмдүү экендиги кокустук көрүнүш эмес. Биз эпостун «Манас» бөлүгүнө бөтөнчө көбүрөөк көңүл буруп, «Семетейдин» мүнөздүү өзгөчөлүк-төрүн унутуп, эстен чыгарып койгондойбуз.

Семетейчилер манасчыларга кара-ганда арбын, «Семетей» эпосунун варианттары «Манас» эпосунун варианттарынан көп дедик.

Ошол эле варианттардын ичинен окуяларга өтө бай, көркөмдүгү бийик вариант улуу манасчы Саякбай Каралаевге таандык. С.Каралаев өзүнүн улуу устаты чоң манасчы Чоюкенин бөтөнчө айтуучулук чеберчилигин чыгарма-чылык менен чебер өздөштүргөн. Чоюке курч драмалуу, трагедиялуу, кайгылуу окуяларды өзгөчө чебер аткаруучу экен. Устатынын чыгармачылыгындагы мына ушул олуттуу өзгөчөлүктү С.Каралаев кабыл алып «Манас» эпосундагы Алмамбеттин арманын, «Семетей» эпосундагы Каныкейдин Таластан Букарга качышын, Каныкейдин Тайторуну чапканын, Каныкейдин жомогу өңдүү окуяларды бийик көркөмдүктө, кайгылуу-муңдуу мазмунда аткарышы угуучулардын аң-сезимине өзгөчө таасир этип, Саякбай менен бирге угуп отургандар көздөрүнөн жаш алып, кайгы-муунга батышып, акниет каармандардын иштерине, кылык жоругуна кубанышып, караниет капырлардын зомбу-зордугуна кыжырланып, оң каармандарга жан тартып, боор ооруп, алардын жеңишин тилеп турчу экен.

«Семетей» эпосунун сюжети Каныкейдин Таластан Букарга качышы менен башталат. Манас өлгөндөн кийин Көбөш баштаган «алты арам», аларга кошулуп Манас баатырдын 40 чоросу баатырдын ордосун чаап, мал-мүлкүн талап, Каныкейди күч менен алып, Семетейди өлтүрүүгө аракет жасашат. Каныкей көрөгөчтүгүн билгизип Семетейди аман алып калат да, сексен жаштагы Манастын энеси Чыйырдыны алып, жөө жалаңдап

төркүнү Букарга качат эмеспи.

Каныкейдин Таластан Букарга качышы өзүнчө жеке сюжеттүү, башталышы, өнүгүшү, бүтүшү бар бир компактуу поэмага тете бөлүм. Бул бөлүктүн ар бир эпизоду курч драматизмге карама-каршылылык-тарга толгон, терең психологизм күч алган өзгөчө көркөм сүрөттөлгөн окуя. Каныкейдин трагедиялуу абалы, көргөн азап-тозогу, жүрөгүн сыздаткан оор кайгы-муңу, Талас менен коштошуусу бөтөнчө көркөм, курч таасирдүү сүрөттөлөт. Манас баатырдын энеси, кайын энеси Чыйырдыга жасаган мамилеси, ага карата болгон урмат-сыйы, сүйүүсү кимдин болбосун жүрөгүн жылы-тып, суктантып, адамдын жан дүйнөсүнө бүлүк сала турган эпизоддордун бири. Чыйырды кели-ни Каныкейдин оор абалын көрүп билип, сезип, ага ашык жүк болгусу келбей, Семетейди алып төркүнүңө кач, мени Таласка ташта, Манастын аягын жазданып жатып калайын дейт. Байбиченин бул өтүнүчү Ка-ныкей үчүн өтө оор, үч уктаса түшүнө кирбеген иш болуп, боздоп ыйлап энесин ай талаага таштап кеткиси келбейт. Сөзүбүз далилдүү болуусу үчүн ошол эпизоддон бир мисал келтирип коелу:

«Ошондо сексенге чыккан карыя,

Манасты тапкан олуя,

Байбиче туруп муну айтат:

Ой, Каныкей кулунум,

Саамай чачым агында,

Сапарымдын барында,

Ордолуу журттан айрылып,

Ошол элге барганда,

Кулунум, не мураска жетейин,

Оо, Каныкей, кулунум,

Карып калган башыма,

Кызгалдак атып жегизбе,

Капа кылбай жанымды,

Кагылайын Каныкей,

Букарга өзүң баштап кет,

Буйругу экен кудайдын,

Капа болуп калбасаң,

Мен шордууну, ушу бир жерге таштап кет.

Оо, Каныкей, кулунум,

Азабымды тартайын,

Асылым туйгун, жалгызга,

Аякташа жатайын».

Каныкейдин энесинин сөзүнө берген жообу.

«Чыйырды минтип турганда

Буркурап ийди Каныкей.

Кагылайын энеке,

Бул кебиңди ким уксун,

Капкараңгы түн уксун.

Кан Букар тентип барганда,

Кай мураска жетемин.

Энеке сендей мекенди,

Ай талаага куу катын,

Кантип эле таштап кетемин?!»

«Семетей» эпосунун мүнөздүү бир өзгөчөлүгүн окумуштуу-фольклорист, белгилүү манастаануучу Р.Сарыбепков мындай көрсөтөт.

«Трилогиянын бул бөлүмүндө лиро-эпикалык мотивдерге орчундуу орун берилиши, патетикага, баатыр-дык духка азыраак көңүл бурула баштаганын көрөбүз. Натыйжада, «Семетейдин» башталыш эпизоду-нан эле анын «Манастан» стилис-тикалык курулмалары өзгөргөнү ачык боло баштайт».

«Семетей» эпосунун сюжеттик курулушунда чыгарманын идеял-дык-мазмунун аныктаган өзгөчө көркөм окуялар бар. Ошолордун бири – бул «Каныкейдин Тайторуну чапканы», «Каныкейдин жомогу». Бул эпизоддор улуу манасчы С.Каралаевдин зор көркөм табыл-гасы, улуу талантка гана таандык көрүнүш. Биз «эпизод» деп шарттуу түрдө гана колдонуп жатабыз. А чындыгында бул эки окуя «Семетей» эпосунун мазмунун байы-тып, көркөмдүгүн арттырган өзгөчө бийик көркөм дүйнө.

«Семетейдин» көптөгөн варианта-рынын биринде да учурабаган С.Каралаевдин вариантында гана айтылган өзгөчө кеңири сюжеттүү көркөм баян. Элге кеңири белгилүү болуп, эл оозунда сакталып келген баалуу маалыматтарга караганда, «Каныкейдин Тайторуну чабышы», «Каныкейдин жомогу» С.Каралаев-дин устаты чоң манасчы Чоюке мыкты аткарган дешет. Бул эки көркөм баян кеңири сюжеттүү болуп, окуялар ырааттуу өнүгүп, күчтүү драматизм мүнөздүү. Окуялар тез өнүгүп, сюжеттин бекем системасы б.а., башталышы, өнүгүүсү, бүтүшү бар. Деги эле «Манас» трилогиясында Каныкей-дин образы эпостун идеялык мазмунун аныктаган чечүүчү образдын бири. Ал эми «Семетей» эпосунда Каныкейдин образы дагы бир көркөм бийиктикке көтөрүлгөн оригиналдуу кайталангыс, уникал-дуу образ экендигине күбө болобуз. «Каныкейдин Тайторуну

чабышы», «Каныкейдин жомогу» өңдүү эпи-зоддордо Каныкей чебер баяндоочу, эл-жерин, мекенин сүйгөн, бүлүн-гөн, чачылган элди Манас өлгөндөн кийин бириктирип кайра эл кылган улуу инсан болуп чыга келет. Бир жагынан алсак, Каныкейдин образы өтө терең, көркөм иштелген траге-диялуу образ. Манас баатыр өлгөндөн кийин тозокту көрүп, эмине деген кайгы-муңду, зордук-зомбулукту башынан өткөрбөйт. Каныкей «Манас» трилогиясынын бардык окуяларына жандуу, актив-дүү катышкан башкы каарман. Ал уулу Семетейге айткан жомогунда «Тайган иттей желгемин, бир жетим сенин айыңан, мен Таластан тентип келгемин», - деп какшап айтып жатпайбы. Каныкейдин бирден-бир жалгыз тилеги, зор максаты уулу Семетейди чоңойтуп, киндик каны тамган Таласка алпарып, атасынын кунун кууп, душмандан өчүн алып, кыргыз элине бейпил, тынч турмуш куруп берүү. Тайторуну чабышы жөн гана бекерчиликтин шаан-шөкөтү, чоң тойго катышып, ат чаап, арбын олжого тунуу эмес. Тайторуну төлгө кылып чабышы − бул улуу үмүттүн, тилектин символу, Манастын доорун, мезги-лин калыбына келтирүү. Бүлүнгөн, чачылган элди кайрадан бириктирип эл кылуу. Манас баатыр какшап айткан «кулалы таптап куш кылган, курама жыйып журт кылган, тепки куш таптап куш кылган, тентиген элди журт кылган «Манастын заманын орнотуу». Каныкейдин бул улуу тилегин, зор үмүтүн, ак аракетин, анын жакын туугандары, атасы Темиркан, биртууган иниси Ысмайыл туура түшүнүп, туура баа беришпейт. Тескерисинче, Каныкей карыганда кутуруп, эр издеп жүрөт дешип, уулу Семетейди, эжеңдин аты артта калса башын кесип кел деп жиберишет эмеспи. Каныкейдин трагедиялуу абалы, кайгы-муңу Тайторуну чапкан окуяда өзгөчө көркөм, терең психологизм менен өтө чебер сүрөттөлгөн. Каныкейдин ар бир кыймылы, айткан арман күүсү кимди болбосун, бөтөнчө угуучулардын аңсезимине терең таасир этип, уккан эл улуу Саякбай менен бирге кайгырып, бирге көзүнөн жаш алып, Тайторусу чыгып келер бекен дешип тилешет. Кыскасы, «Семетей» эпосунун сюжетиндеги «Каныкейдин Тайтору-ну чабышы» Каныкейге арналган улуу баян, зор гимн. «Каныкейдин Тайторуну чабышы» өзүнчө бир атайын илимий иликтөөнүн обңек-тиси боло турган улуу көркөм табылга. Бул окуяны кинонун тили менен элге жеткирсе андан сонун болор эле.

«Семетей» эпосу «Манас» эпосун-дай эле көп катмарлуу, тематикалык ар кыл, өтө бай өзгөчө көркөм чыгарма. Биз макалада «Семетей» эпосунун айрым бир гана сюжеттик өзгөчөлүгүнө учкай токтолуп өттүк. «Семетей» эпосун «Манас» эпосу-нан бөлүп кароого болбойт. Антке-ни, «Манас» эпосунун үч бөлүгү тең бир башкы темага, башкы проблема-га баш ийген органикалык ажырагыс бир бүтүн көрүнүш. Ошону менен бирге эле «Семетей» эпосунун сюжеттик курулушу, композиция-лык түзүлүшү, образдар системасы, көркөм поэтикасы өзүнчө мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ. Ал өзгөчөлүктөр өзүнчө кеңири, терең илимий изилдөөнүн обьектиси боло турган олуттуу маселе.

## Адабияттар

1. Абдылдаев Э., Мамытбеков З. «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери. - Фрунзе: Илим, 1966.
2. Акматалиев А. Баш сөз. Китепте: Кыргыз адабиятынын та-рыхы. I том −Бишкек,

2004.
3. Ауэзов М.О. Киргизская на-родная героическая поэма «Манас». -М., 1961.
4. Бегалиев С. «Манас» эпосу. -Каракол, 2003.
5. Жайнакова А. «Семетей». Ки-тепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. I том. – Бишкек, 2004.
6. Жирмунский В.М. Введение в изучение эпоса «Манас». Китепте: В.М.Жирмунский. Тюркский ге-роический эпос. -Ленинград, 1974.
7. Каралаев С. «Семетей». 1-2-китептер. -Фрунзе, 1987, 1989.
8. Мамыров М. «Семетей» эпосу «Манас» - трилогиясынын экинчи бөлүгү. -Фрунзе, 1963.
9. Мусаев С. «Манас» эпосу. Китепте: Кыргыз адабиятынын та-рыхы II том. – Бишкек, 2004.
10. Радлов В.В. Предисловие, «Манас» героический эпос киргиз-ского народа. – Фрунзе, 1968.